Тиркеме

**БУУнун Бүткүл дүйнөлүк азык-түлүк программасынын долбоорун ишке ашыруунун алкагында катаал кыштын малчыларга тийгизген таасирин азайтуу боюнча алгачкы аракеттерди иштеп чыгуу жана ишке ашыруу жолу менен Нарын облусунда малдын ач калуусуна жана өлүмүнө жол бербөө максатында чөп жана тоют корун түзүү жана максаттуу пайдаланууга сунушталуучу**

**ТАРТИП**

1. Бул тартип Нарын облусунун Нарын жана Ат-Башы райондорунун малчыларына катаал кыштын таасирин азайтуу үчүн алгачкы аракеттерди иштеп чыгуу жана ишке ашыруу жолу менен малдын ач калуусуна жана өлүмүнө жол бербөө максатында чөптүн жана тоюттун корун түзүүнүн жана максаттуу пайдалануунун механизмине, мазмунуна, жол-жоболоруна жалпы талаптарды аныктайт.

2. Нарын облусунда чөп жана тоют корун түзүү боюнча иш-чаралар Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин (мындан ары - КР ӨКМ) жана БУУнун Бүткүл дүйнөлүк азык-түлүк программасынын (мындан ары - БУУнун БДАТП) колдоосу жана координациясы менен “Катаал кыштын малчыларга тийгизген таасирин азайтуу үчүн алгачкы аракеттерди иштеп чыгуу жана ишке ашыруу менен КРнын Өкмөтүнүн потенциалын жогорулатуу” долбоорун ишке ашыруу алкагында демилгеленген жана өткөрүү пландаштырылууда.

3. Чөптүн жана тоюттун корун түзүү боюнча иш-чаралардын негизги максаты Нарын облусунун жергиликтүү мамлекеттик администрацияларына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына катаал кыштын таасиринен малдын ач калуусуна жана өлүмүнө жол бербөө боюнча алгачкы аракеттерди көрүү жолу менен өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу боюнча чараларды ишке ашырууга алардын даярдыгын күчөтүүгө көмөк көрсөтүү болуп саналат.

4. БУУнун БДАТП КР ӨКМнин көмөгү менен 2024-жылдын февраль айында төмөнкү чараларды ишке ашырат:

- Кыргыз Республикасында белгиленген мамлекеттик стандарттарга жана сапат сертификаттарына ылайык Чүй облусунан чөп (болжол менен 118,0 тонна) жана тоют (болжол менен 114,0 тонна) сатып алууну;
- алдын ала макулдашылган чөптүн жана тоюттун көлөмүн автотранспорт менен Нарын облусуна, тактап айтканда: Нарын жана Ат-Башы райондоруна жеткирип берүүчүлөр тарабынан жеткирүүнү камсыз кылууну;
- жергиликтүү чөп жана тоют корун түзүүгө салым катары төмөндөгү эки пилоттук айыл аймагынын балансына кайтарымсыз негизинде чөп жана тоютту берүүчүлөр тарабынан өткөрүп берүүнү камсыз кылууну:

1) Нарын районунун Миң-Булак айыл аймагына чөп (болжол менен 41,0 тонна) жана тоют (болжол менен 40,0 тонна);

2) Ат-Башы районунун Баш-Кайыңды айыл аймагына чөп (болжол менен 77,0 тонна) жана тоют (болжол менен 74,0 тонна);

- Нарын облусунун Нарын жана Ат-Башы райондорунун малчыларына катаал кыштын таасирин азайтуу үчүн алгачкы аракеттерди иштеп чыгуу жана ишке ашыруу жолу менен малдын ач калуусуна жана өлүмүнө жол бербөө максатында чөп менен тоюттун корун түзүүгө, сактоого, максаттуу пайдаланууга жана толуктоого мониторинг жүргүзүү, ошондой эле пилоттук долбоорду потенциалдуу кеңейтүү үчүн натыйжалуулугун баалоо.

5. Нарын жана Ат-Башы райондорунун мамлекеттик администрацияларынын башчылары – акимдер, ошондой эле Миң-Булак жана Баш-Кайыңды айыл өкмөттөрүнүн башчылары өздөрүнө жүктөлгөн функцияларга жана ыйгарым укуктарга ылайык төмөндөгү чараларды пландаштырат жана ишке ашырат:

- чөптү жана тоютту коопсуз жана туура сактоо үчүн тандалган кампаларды оңдоо жана даярдоо;

- белгиленген мамлекеттик стандарттарга жана сапат сертификаттарына ылайык БУУнун БДАТПнын жеткирип берүүчүлөрү тарабынан алып келинген чөптү жана тоютту түшүрүүнү, кампалоону, балансқа кабыл алууну камсыз кылууну;

- чөптүн жана тоюттун корун түзүү, ведомстволук аймакта болгон кампа жайларынын базасында аларды талаптагыдай сактоону жана коопсуздугун камсыздоону;

- кийинки жылдарда алгачкы аракеттерди кабыл алуу жолу менен өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу боюнча иш-чараларды ишке ашырууга даярдыкты камсыз кылуу максатында малчыларга чөп жана тоют берүүнүн, алардын корун жаңыртуунун жана толуктоонун тартибин иштеп чыгууну жана белгилөөнү;

- чөптү жана тоютту берүү тартиби үстүбүздөгү жылдын түшүмүн жыйноо мезгилинде алынган чөптүн жана тоюттун көлөмүн малчылар тарабынан милдеттүү түрдө кайтарып берүү жөнүндө келишимдерге кол коюунун негизинде, ошондой эле калктын социалдык жактан аярлуу катмарынын жана жакыр фермерлердин муктаждыктарын жана керектөөлөрүн эске алуу менен ишке ашырууну;

- катуу жааган кар, катуу суук, эрте тоңуу жана башка коркунучтуу процесстер жана климаттык мүнөздөгү кубулуштар менен байланышкан табигый мүнөздөгү өзгөчө кырдаалдардын мониторингин жана божомолун жүргүзүүнү жана алардын мал багууга мүмкүн болуучу таасирине баа берүү боюнча КР ӨКМнин аймактык бөлүмдөрү менен биргеликте иш жүргүзүүнү;

- катуу жааган кар, эрте үшүк, чөп жана тоюттун жетишсиздигине алып келген табигый мүнөздөгү башка кырсыктар болгондо, малдын ач калуусуна жана өлүмүнө жол бербөө максатында малчыларга белгиленген тартипке ылайык чөп жана тоют берүүнүн, алардын корун жаңыртуунун жана толуктоонун катаал кыштын таасирин азайтуу үчүн алгачкы аракеттерди, КР Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Нарын облусу боюнча башкармалыгы менен милдеттүү түрдө макулдашуу боюнча иштеп чыгууну жана ишке ашырууну.